**Кыргыз Республикасынын**
**шайлоо жана референдум өткөрүү**
**боюнча борбордук комиссиясынын төрайымы**
**Шайлдабекова Нуржан Кармабековнага**

**Өзгөн шаардык кеңешинин**
**«Өнүгүү-Прогресс» саясий партиясынын**
**депутаттарынан**

**Арыз**

Биз «Өнүгүү-Прогресс» саясий партиясынын депутаттары,

Сизге арыз жазуубуздун себепи төмөндөгүүчө: Өзгөн шаарынын депутаттары Абдурахманов Махмуджан Машрапжанович жана Мамазайитов Арапжан Жомолдиновичтерге жүөлүү себептерсиз жергиликтүү кенешинтин сессияларында бир жыл ичинде төрт жолудан ашык катышпоосу себебтүү мандатын алуу жөнүндөгү 2022-жылдын 19-апрелиндеги №10/5 токтомуна наразыбыз, себепи А.Махмуджан жана М.Арапжан Өзгөн шаардык кеңешинин IV-V-VI чакырылыштарынын депутаттары болуп иштеп келген алардын Өзгөн шаарынын өнүгүүсүнө салымы зор экендиги, эрдик менен салым кошкондугу жана шаарыбызда болуп жаткан жакшы иштерди башында турганын азыркы күнгө чейин Өзгөн эли жогоору баалайт.

М.Абдурахманов Кыргыз Республикасынын аймагындан сыртта болгондугуна жана ден соолугуна байланыштуу даарылануу да болгодугу себебтүү катыша албаганы белгилүү. Айтылгандардын бардыгын тийиштүү аныктамалары бар . А.Мамазайитов сессия болгон күндөрүү апасы менен атасынын ден соолугуу начарлап дарылануудa болуп жана атасын каза болгондугуна байланыштуу келе албагандыгын тастыктайбыз, тийиштүү аныктамалар бар экендигин билдиребиз. Бул депутаттардан шаардык кеңештин төрөгасы жана анын аппарат кызматкерлери тарабынан депутаттарды эмне үчүн келбегендигин аныктап аларга эч кандай эскертүү берилген эмес. Шаардык кеңештин төрөгасы маселеге бир тараптуу баа берип сессияга киргизип салган. VII чакырылыштын X сессиясында каттуу талкуу болду депутаттар М.Абдурахманов жана А.Мамазайитовтор шаардык кеңештин сессиясына катышаалбай калгандыгын жөөлүү себебтери бар экендигин айтты. Күн тартибиндеги бул маселе колдоо тапкан эмес.

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 02-14/935
«31» 05 2022 ж/г

Сессияга катышкан 27 депутаттан 13 макул, 14 каршы болгон биз «Өнүгүү-Прогресс» саясий партиясын депуттарыда каршы болгонбуз. Бул маалыматты Х-сессиясынын видео тасмасы далилдеп турат. Ошого карабай шаардык кеңештин төрөгасы жана аппараты депуттар Абдурахманов Махмуджан Машрапжанович жана Мамазайитов Арапжан Жомолдиновичтерди мандаттан ажратуу туралу токтом чыгарып АШКга кат жиберген. Анын негизинде депутаттар мандатынан ажратылган.

«Өнүгүү-Прогресс» саясий партиясынын депутаттары «Ата-Журт Кыргызстан» депутаттары М.Абдурахманов жана А.Мамазаитовлардын мандаттан ажратуусунун саясий куугундуулук катары баалайт.

«Өнүгүү-Прогресс» саясий партиясынын депуттары Сизден маселени карап мыйзам чегинде карап чыгып «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын депутаттары М.Абдурахманов жана А.Мамазаитовлардын мандаттаарын кайра кайтарып берүүңүздү суранабыз.

«Өнүгүү-Прогресс » саясий партиясынын

депутаттары

Сотволдиев Р. [signature]

Салиев С. [signature]

Тапиволдиев И. [signature]

25.05.2022 0556 960999